**АБДУВАЛИЕВА Б., БЕКМУРАТОВА Р.**
*Ош мамлекеттик университети*
**ABDUVALIEVA B. BEKMURATOVA R.**
*Osh State University*

# ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРДУН НЕГИЗИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЗМА КЕБИН ӨСТҮРҮҮ

**Аннотация.** Макалада улуттук мектептерде кыргыз тилин окутууда окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн “Сынчыл ойломду өстүрүү үчүн окуу жана жазуу” долбоорунун “Багыттып окутуу” усулу аркылуу өнүктүрүүнүн жолдору берилди.
**Урунттуу сөздөр**: Сынчыл ой жүгүртүү, жазуу ишмердүүлүгү, дил баян, жеке, жупта, чиркейдин сырлары, кандагы протеин, шприц, кылдаттык, кыны, жыштык,чиркейдин көзү, түктүү мурутчалары.

**Аннотация.** В статье представлены пути развития письменной деятельности учащихся при обучении кыргызскому языку в национальных школах посредством “ Направляемое чтение” проекта развитие критического мышления через чтение и письмо.
**Ключевые слова:** Критическое мышление, письменная деятельность, изложение, индивидуально, парно, тайны комара, протеин в крови, шприц, тактичность, плотность, глаз комара, волосатые усы
**Annotation:** In this article given the development of written speech of students when teaching the Kyrgyz language in national schools using the Orientation method of the Reading and Writing for the development of Critical Thinking project.
**Key words:** Critical thinking, writing activity, composition, individual, pairs, mosquito's secretions, blood protein, syringe, care, sheath, frequency, mosquito's eyes, furry whiskers.

**Киришүү** Окуучулардын жазма кебин өстүрүү окутуу процессиндеги негизги маселе болуп келе жатат. Союз учурунда да буга өзгөчө көңүл бурулган. Орфографиялык, пунктуациялык жактан сабаттуулук көңүлдүн борборунда болгон. Бул максатта башталгыч класстан баштап, орто мектепти бүткөнгө чейин жазуу иштеринин жат жазуу, сөздүк диктант, сочинение, изложение сыяктуу түрлөрү үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келген. Жазылган иш мугалим тарабынан текшерилип, айрым мыкты деп эсептелинген иштер үлгү катары көрсөтүлгөн. Ал эми калган окуучулардын иштери орто саар бойдон эске алынбай калган. Тексттер өтүлөбү же грамматикалык тема өтүлөбү анын негизинде окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу, андан ары өстүрүү үчүн түрдүү ык-машыгууларды колдонуу зарыл. Айрыкча, окуучулардын көпчүлүгү жазууну жактырышпайт. Ошон үчүн сабакта окуучулар жазуу процессине өздөрү кызыгып, ойлорун кагазга түшүрүүгө жеңил жол таба билүү мугалимден изденүүчүлүктү, өз үстүнөн тынымсыз иштөөнү талап кылат. Жаза билүүнүн артыкчылыгын баалап, таанып билүү процесстерине жазууну киргизүүдө ар кандай пикирлер бар. Айрым изилдөөчүлөр идеяларды талкуулоо үчүн күндөлүк жана өз пикирлерин жазууну колдошсо, кээ бирөөлөр окуучунун өз оюн жеке тажрыйбасын жазуу аркылуу бере билиши маанилүү деп эсептешет.

**Изилдөөнүн методдору:** педагогикалык - эксперименталдык.
**Изилдөөнүн материалдары** Окуучулардын дээрлик баарын жазууга үйрөтүү, жазылган ишти толук баалоо «Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн окуу жана жазуу»

долбоорунда кеңири каралат. Мында окуучунун эркин ой жүгүртүп, өз оюн, көз карашын эркин билдиришине өзгөчө көңүл бурулат.

Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары башка улуттун өкүлдөрүнө окутуп-үйрөтүүдө окуучуларды өз оюн жаза билүүгө машыктыруу - негизги талаптардын бири. Өзгөчө тексттин үстүндө иштөөдө анын мазмуну менен таанышып, айрым маселелер боюнча өз ой-пикирин окурман катары, автор же каарман катары жазуу жүзүндө бере билүүгө машыктыруунун мааниси чоң.

Өзбек мектептеринин 9-классы үчүн түзүлгөн Кыргыз тили окуу китебинде (авторлору Абдувалиева Б., Жороев Т. 2012) « Чиркейдин керемет сырлары» деген текст берилген. Бул текстти өтүүдө мазмунун окуучуларга жөн гана тааныштырып койбостон, сынчыл ойломдун “Багыттап окутуу” ыкмасы аркылуу текстти пайдалануу менен дил баян жаздыруу максатка ылайык. Иштин башталышында төмөнкүдөй суроолор аркылуу окуучулардын көңүлүн сабакка буруп,

- Чиркейди көргөнсүңөрбү? Качан? Каерден? Кандайча?- деген суроолордун тегерегинде оозеки жооптор алынат.

Тема доскага жазылат. «**Чиркейдин керемет сырлары**».

Багыттоочу суроолор берилет:

- Чиркейдин кандай керемет сырлары болушу мүмкүн? Бул суроого окуучулар уккан-көргөндөрүн алгач жеке, андан соң жуптарда өз ара пикирлешип, бир-экиден ойлорду айтышат жана ал ойлорун кыскача баракка жазышат.

Бул текстте чиркейдин кандай сыры берилген деп ойлойсуң?- деген суроого окуучулар жеке, жуптарда пикирлешкен соң, өз ойлорун айтышат. Өз пикирин кыскача жазышат [4: 16].

Текст мугалим тарабынан беш бөлүккө бөлүнгөн. Биринчи бөлүгү окуучуларга таркатылат да, көңүл коюп окуп чыгып, түшүнүксүз сөздөрдү белгилөө сунуш кылынат.

*Баарыбызга тааныш болгон, өзгөчө жай жана күз мезгилдеринде тынчыбызды алган кадимки чиркейдин биз билбеген сырларын үйрөнөбүз. Адегенде, “**Чиркейлер кан менен тамактанабы?”** деген суроого жооп берели. Көп адамдар чиркейдин кан менен тамактанаарына ишенишет* [1: 27]. Өз жообун жазышат, аны шериги менен талкуулап, толуктап, класска ар бир жуп кезек менен окуп беришет. Окшош жооптордун кайталанышына жол берилбейт.

Кийинки бөлүктү окушат.

*Чындыгында, чиркейдин эркеги өсүмдүктөрдүн ширеси менен тамактанышат, ал эми ургаачысы гана кан сорот. Алар да бул ишке тамактануу үчүн эмес, курсагындагы жумурткаларын кандагы протеин менен камсыз кылуу үчүн барышат. Чиркейлердин күндүз да, түнү да терибизди кызартып чагып кеткенин билебиз. Бирок**, алар караңгыда кантип көрүшөт?** [*1: 27*]*. Текст менен таанышкан соң, алгач түшүнүксүз сөздөрдү жазышат (***шире, протеин***), түшүндүрмөсүн өз пикирлерин айтуу менен такташат [6: 715, 350].

***Шире*** *– өсүмдүктүн, жемиштин таттуу маңызы, суюк зат;* ***протеин*** *– белоктун бир түрү, жөнөкөй белөктор;****кын(ы)*** *– канжардын же бычактын кабы;* ***наркоз*** *– оорутпоо жолу менен организмдин сезүүсүн жоготуу, уктатуу;****профессионал*** *– белгилүү бир кесипке адистешкен адам;* ***кылдаттык*** *– этияттык;* ***серпүү – (серп)*** *этиштин кыймыл атоочу.*

Окуучулар ойлорун айтышат жана текст боюнча түшүнүгүн кыскача жазышат. Кийинки бөлүк менен таанышышат.

*Көрсө, чиркейдин көрүүсү жарыктан көз каранды эмес экен. Алар жылуулукту түс сыяктуу көрөрү жана ушундан улам караңгыда да кан тамырды эч кыйынчылыксыз табары аныкталган. Ал эми алардын кан соруу ыкмасы мындан да таң каларлык.*

***Чиркейлер канды кантип сорот?*** [1: 27]- деген суроого окуучулар жеке, жуптарда пикирлешкен соң, өз ойлорун айтышат жана текст боюнча түшүнүгүн кыскача жазышат.

Кийинки бөлүк менен таанышышат.

*Чиркейдин шприцке окшогон ийнеси жана аны коргоочу өзүнчө кыны болот. Бирок, ал биз ойлогондой, ийнесин сайып алып кан сорбостон, алгач алдыңкы курч жаагы менен терини тилип алат да, андан соң гана ийнесин салат.* ***Бирок, биз муну кандайча билбей калабыз?*** [1: 27]- деген суроого окуучулар жеке, жуптарда пикирлешкен соң, түшүнүксүз сөздөрдүн (***шприц, кыны***) [6: 721, 158] түшүндүрмөсүн өз пикирлерин айтуу менен такташат жана ойлорун, текст боюнча түшүнүгүн кыскача жазышат.

Кийинки бөлүк менен таанышышат.

*Жараткан бул жагынан да чиркейлерге артыкчылык берген. Алгач алар ийнеси аркылуу өзгөчө бир суюктукту канга куят, ал наркоз катары кызмат кылат да, ооруну сездирбей коёт. Ошондой эле бул суюктук ачылган жердеги кандын коюуланып кетишинин алдын алат.*

*Чиркей бул ишти бир нече секунданын ичинде гана жасагандыктан, биз көпчүлүк учурда муну байкабай да калабыз. Мына ошентип, сыртынан жөнөкөй көрүнгөнү менен чиркейлер да профессионал врачтардай эле бардык ишти кылдаттык менен аткарышат.* ***Чиркейдин көзү менен кулагы барбы?***- [1: 27] деген суроого окуучулар жеке, жуптарда пикирлешкен соң, өз ойлорун айтышат жана текст боюнча түшүнүгүн кыскача жазышат. Бул бөлүктөгү ***наркоз, профессионал, кылдаттык*** [6:256, 550, 153] деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрмө сөздүктөн табышат

Кийинки бөлүк менен таанышышат.

*Чиркейдин жүзгө жакын көзү бар. Алар башынын үстүндө жайгашып, чоң жарым шар формасында болуп, торчолорго бөлүнүп турат. Бирок аларда кулак жок. Анын ордуна башындагы түктүү мурутчалары угуу кызматын аткарат. Көбүнчө эркектери ургаачыларын канат серпүүсүнөн чыккан үндөн улам табат. Эң кызыгы – эркек жана ургаачы чиркейлердин канат серпүү жыштыгы эки башка* [1: 27]. ***Жыштыгы, серпүү*** деген сөздөргө түшүнүк беришет [6: 390].

Ой-пикирлер жеке, жуптарда талкууланып, баракка жазылат. Талкуудан соң, текстти баштан аяк тыныгуусуз окуп берүү керек. Окуучулар ар кимиси өз вариантын таза баракка көчүрүшөт. Көчүрүүдө ар бир тынымдын аталышын план катары алууга болот. Дил баяндын акырында окуучулар чиркейдин бул жоругу жөнүндөгү өз ой-корутундусун жазууга тийиш. Ал үчүн:

- Чиркей жөнүндө дагы эмнелерди айта аласыңар?
- Чиркей акыл менен жасайбы же инстинкпи? – деген суроолордун

айланасында ой жүгүртүшүп, өз пикирлерин дил баяндын жыйынтык бөлүгүнө жазышат.

Тексттин мазмунун, окуучулардын чиркей жөнүндөгү кошумчаларын эске алуу менен иштин аягында чиркей жөнүндө Синквейн түзүү да артыкбаш эмес.

Тескерисинче, аны окуучулардын текст боюнча ойлорунун корутундусу катары эсептөөгө болот.

Чиркей
кичинекей, кан соргуч
тилет, саят, куят
өз ишин кылдаттык менен аткарат
врач [2: 62 ]

Натыйжада, ар бир бөлүк боюнча ой-пикирлерин кеңири айтуу менен эркин жазылган дил баяндын тексти пайда болот. Аны окуучулар сабак процессинде кызыгуу менен жазышканы шек туудурбайт.

**Изилдөөнүн натыйжалары:**

Сабактын мындай формасы бизнес жана менежмент факультетинин 1-курстарында жана финансы-юридикалык коллежинин 2- курстарында өтүлдү. Натыйжада бардык студенттер жеке, жуптарда иштөөгө, өз ойлорун жана ой корутундуларын кагаз бетине түшүрүп, турмуштук фактыларды, окугандарын кошуу менен байытып, иреттеп жазууга жетишишти. Сабактын чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү этабында да кластер, синквейн, эссе, болжолдоп жазуу сыяктуу жазуунун формаларын пайдалануу менен студенттердин жазуу ишмердүүлүгүн жогорулатуу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп жатат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдувалиева Б., Жороев Т. Кыргыз тили. ( Өзбек мектептеринин 9-классы үчүн окуу китеби) – Бишкек, 2012
2. Валькова И.П., Низовская И.А., Задорожная Н.П. Как раззвивать критическое мышление. (Опыт педагогической рефлексии). – Бишкек. Издательство ФПОИ, 2005
3. Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл. Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор. Методикалык колдонмо -2, 1999
4. Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл. Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор. Методикалык колдонмо - 3, 1999
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.1 -бөлүк. – Бишкек, 2011
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.2 -бөлүк. – Бишкек, 2015